# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 23 *«Зайымдар боюнча чыгымдар»*

## Негизги принциби

1 **Квалификацияланууучу активди сатып алууга, курууга же өндүрүүгө түздөн-түз тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдар бул активдин баштапкы наркына камтылат. Зайымдар боюнча башка чыгымдар чыгашалар катарында таанылат.**

## Колдонуу чөйрөсү

2 **Ишкана ушул стандартты зайымдар боюнча чыгымдарды эсепке алуу үчүн колдонууга тийиш.**

3 Ушул стандарт милдеттенмелер катары классификацияланбаган артыкчылыктуу акцияларды кошо алганда, өздүк капиталдын иш жүзүндөгү же тагылган наркына тиешеси жок.

4 Ишкана ушул стандартты төмөнкүлөрдү сатып алууга, курууга же өндүрүүгө түздөн-түз тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдарга колдонууга милдеттүү эмес:

(a) адилет наркы боюнча бааланууучу квалифицикацияланууучу активди, мисалы, *«Айыл чарбасы»* ФОЭС (IAS) 41дин колдонуу чөйрөсүнө тиешелүү биологиялык активди; же

(b) үзгүлтүксүз негизде көп санда өндүрүлүүчү же башка түрдө түзүлүүчү запастарды.

## Аныктамалар

5 **Ушул стандартта төмөнкү терминдер көрсөтүлгөн маанилерде пайдаланылат:**

***Зайымдар боюнча чыгымдар*** **– зайым каражаттарын зайымга алууга байланыштуу ишкана тарта турган пайыздар жана башка чыгымдар.**

***Квалификацияланууучу актив*** **– аны арналышы боюнча пайдалануу же сатуу үчүн даярдоо милдеттүү түрдө кыйла убакытты талап кылган актив.**

6 Зайымдар боюнча чыгымдар төмөнкүлөрдү камтый алат:

(a) ФОЭС (IFRS) 9да сыпатталгандай натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен эсептелүүчү пайыздык чыгашалар;

(b) [алып салынган]

(c) [алып салынган]

(d) *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16га ылайык таанылган ижара боюнча милдеттенмелер менен байланышкан пайыздар; жана

(e) зайымдарды чет элдик валютада тартуунун натыйжасында келип чыгуучу курстук айырмалар, алар пайыздарды төлөп берүүгө чыгымдарды оңдоп-түзөө менен эсептелген өлчөмдө.

© ФОЭС Фонду

7 Жагдайларга жараша, квалификацияланууучу актив катарында төмөндө көрсөтүлгөндөрдүн ар бири боло алат:

(a) запастар

(b) өндүрүштүк кубаттуулуктар

(c) электр өндүрүүчү кубаттуулуктар

(d) материалдык эмес активдер

(e) инвестициялык кыймылсыз мүлк

(f) мөмө-жемиш өсүмдүктөрү.

Кыска убакыт аралыгында өндүрүлүүчү же башка түрдө жаралуучу финансылык активдер жана запастар квалификацияланууучу активдер болуп саналбайт. Сатып алган учурда максаты боюнча пайдаланылууга же сатууга даяр активдер квалификацияланууучу активдер болуп саналбайт.

**Таануу**

**8 Ишкана квалификацияланууучу активди сатып алууга, курууга же өндүрүүгө түздөн-түз тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдарды, аларды бул активдин баштапкы наркына камтуу жолу менен капиталдаштырууга тийиш. Ишкана зайымдар боюнча башка чыгымдарды алар тартылган мезгилдеги чыгашалар катарында таанууга тийиш.**

9 Квалификацияланууучу активди сатып алууга, курууга же өндүрүүгө түздөн-түз тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдар бул активдин баштапкы наркына камтылат. Зайымдар боюнча мындай чыгымдар, эгерде ишкана тарабынан алар менен байланышкан келекчектеги экономикалык пайдаларды алуу ыктымал болсо жана эгерде мындай чыгымдарды ишенимдүү баалоого болсо, активдин баштапкы наркы катарында капиталдаштырылат. Ишкана *«Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 29ду колдонгондо, ал аталган стандарттын 21-пунктуна ылайык, зайымдар боюнча чыгымдардын ошол мезгилиндеги инфляциянын ордун толтуруучу бөлүгүн чыгашалар катарында тааныйт.

## Капиталдаштыруу үчүн уруксат берилген зайымдар боюнча чыгымдар

10 Квалификацияланууучу активди сатып алууга, курууга же өндүрүүгө түздөн-түз тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдар – тиешелүү активге чыгымдар жүргүзүлбөгөн болсо, бул аларды болтурбай коюуга мүмкүн болгон зайымдар боюнча чыгымдар. Ишкана каражаттарды конкреттүү квалификацияланууучу активди гана сатып алуу үчүн тарткан учурда, бул активдер менен түздөн-түз байланышкан зайымдар боюнча чыгымдар так аныкталышы мүмкүн.

11 Кыйынчылыкты конкреттүү зайымдар менен квалификацияланган активдин ортосундагы түздөн-түз байланышты аныктоо, ошондой эле көрсөтүлгөн актив жок болгон учурда болтурбоого мүмкүн болгон, зайымдарды идентификациялоо жаратышы мүмкүн. Мындай түрдөгү кыйынчылыктар, мисалы, ишкананын финансылык ишмердүүлүгү борборлоштурулуп координацияланганда келип чыгат. Кыйынчылыктар ишканалардын тобу бир катар карыздык инструменттерди ар кандай пайыздык ставкалар боюнча зайым

© ФОЭС Фонду

каражаттарын алуу үчүн пайдаланышканда жана бул каражаттарды ар кайсы негизде топко кирген башка ишканаларга бергенде пайда болот. Кырдаалды жогорку инфляция, ошондой эле алмашуу курсунун өзгөрүүсү шартында топ тарабынан чет элдик валютадагы же ага байланган кредиттерди пайдалануу кошумча татаалдантат. Натыйжада квалификацияланууучу активди сатып алууга түздөн-түз тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдардын көлөмүн аныктоо кыйындайт жана ой жүгүртүүнү колдонууну талап кылат.

**12 Ишкана өзү квалификацияланууучу активди атайын алуу үчүн каражаттарды тарткан даражада, ал капиталдаштыруу үчүн уруксат берилген зайымдар боюнча чыгымдардын суммасын, бул зайым каражаттарын убактылуу инвестициялоодон алынган инвестициялык кирешени алып салуу менен мезгил аралыгында бул зайым боюнча тартылган иш жүзүндөгү чыгымдардын суммасы катарында аныктоого тийиш.**

13 Квалификацияланууучу активди каржылоо жөнүндө макулдашуунун шарттары ишкана бул каражаттар көрсөтүлгөн активге чыгымдарды каржылоо үчүн толук же жарым-жартылай пайдаланылганга чейин зайым каражаттарын алуусуна жана аны менен байланышкан зайымдар боюнча чыгымдарды тартуусуна алып келиши мүмкүн. Мындай шарттарда каражаттар көп учурда алар квалификацияланууучу активге жумшалган учурга чейин убактылуу инвестицияланат. Мезгил аралыгында капиталдаштыруу үчүн уруксат берилген зайымдар боюнча чыгымдардын суммасын аныктоодо мындай каражаттар боюнча алынган инвестициялык киреше зайымдар боюнча тартылган чыгымдардын суммасынан кемитилет.

**14 Ишкана жалпы максаттарга каражаттарды карыз алган жана аларды квалификацияланууучу активди алуу үчүн пайдалануучу даражада, ишкана капиталдаштыруунун ставкаларын бул активге чыгымдардын суммасына капиталдаштыруу ставкаларын көбөйтүү жолу менен капиталдаштырууга уруксат берилген зайымдар боюнча чыгымдардын суммасын аныктоого тийиш. Капиталдаштыруунун ставкасы ишкананын мезгил аралыгында төлөнбөй калган бардык зайымдарына карата зайымдар боюнча чыгымдардын орточо алынган мааниси катарында аныкталат. Бирок, ишкана бул эсептөөдөн квалификацияланууучу активди сатып алуу үчүн атайын алынган зайымдарга карата зайымдар боюнча чыгымдардын суммасын бул активди арналышы же сатылышы боюнча пайдаланууга даярдоо үчүн зарыл дээрлик бардык иштерди аяктаганга чейин чыгарып салууга тийиш. Ишкана мезгил аралыгында капиталдаштыруучу зайымдар боюнча чыгымдардын суммасы бул мезгил аралыгында тарткан зайымдар боюнча чыгымдардын суммасынан ашпоого тийиш.**

15 Айрым шарттарда зайымдар боюнча чыгымдардын орточо алынган маанисин эсептеп чыгууда башкы жана туунду ишканалардын бардык зайымдарын камтуу максатка ылайыктуу; башка жагдайларда ар бир туунду ишкана үчүн зайымдар боюнча чыгымдардын орточо алынган маанисин анын өздүк зайым каражаттарына карата пайдалануу максатка ылайыктуу.

## Квалификацияланууучу активдин балանстык наркынын орду толтурулуучу нарктан ашып кетүүсү

16 Квалификацияланууучу активдин балանстык наркы же болжолдонулган акыркы баштапкы наркы орду толтурулуучу нарктан же сатуунун мүмкүн болуучу таза баасынан ашып кеткенде, баланстык нарк башка стандарттардын талаптарына ылайык жарым-жартылай же

© ФОЭС Фонду

толук эсептен чыгарылат. Белгилүү бир жагдайларда жарым-жартылай же толук эсептен чыгаруунун суммасы ошол эле стандарттарга ылайык калыбына келтирилет.

## Капиталдаштыруунун башталышы

17 **Ишкана зайымдар боюнча чыгымдарды квалификацияланууучу активдин баштапкы наркынын бөлүгү катарында капиталдаштыруунун башталуу күнүнө карата капиталдаштырууну баштоого тийиш. Капиталдаштыруунун башталуу күнү – бул ага карата ишкана бардык төмөнкү шарттарды алгачкы жолу аткарган күн:**

**(a) бул актив боюнча чыгымдар тартылган;**

**(b) зайымдар боюнча чыгымдар тартылган; жана**

**(c) активди арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даярдоо үчүн зарыл ишмердүүлүк жүргүзүлүп жаткан.**

18 Квалификацияланууучу активге чыгымдар акча каражаттарын төлөп берүүгө, башка активдерди өткөрүп берүүгө же пайыздык милдеттенмелерди кабыл алууга алып келген чыгымдарды гана камтыйт. Чыгымдар бул активге байланыштуу алынган төлөмдөр менен субсидиялардын көлөмүнө гана азайтылат (*«Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу жана мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 20ны караңыз). Активдин зайымдар боюнча мурда капиталддаштырылган чыгымдарын камтыган мезгил аралыгындагы орточо баланстык наркы адатта, аларга карата бул мезгилде капиталдаштыруу ставкасы колдонулган чыгымдардын маанисине болжол менен барабар.

19 Активди анын арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даярдоо үчүн зарыл ишмердүүлүк активдин өзүнүн физикалык жаралышын эле камтыбайт. Ага активди физикалык жаратуунун башталышынын алдындагы курулушту баштоо үчүн зарыл техникалык жана административдик ишмердүүлүк сыяктуу иш да кирет. Бирок, эгерде ошол эле убакта өндүрүш, же анын абалын өзгөртүүчү өнүктүрүү жүргүзүлбөсө, активге ээлик кылуу мындай ишмердүүлүккө кирбейт. Мисалы, жер участогун өздөштүрүү боюнча иштерди жүргүзүү мезгилинде тартылган зайымдар боюнча чыгымдар тиешелүү иштерди жүргүзүү мезгили аралыгында капиталдаштырылат. Бирок, кийинки курулуш үчүн алынган жер анда өздөштүрүү боюнча кандайдыр-бир иштер жүргүзүлүүсүз калган убакта зайымдар боюнча чыгымдар капиталдаштырылууга жатпайт.

## Капиталдаштырууну токтото туруу

20 Ишкана квалификацияланууучу активдин активдүү өнүгүүсү үзүлгөн узак мезгилдер аралыгында зайымдар боюнча чыгымдарды капиталдаштырууну токтото турууга тийиш.

21 Ишкана активди арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даярдоо үчүн зарыл ишмердүүлүк үзүлгөндө, узак мезгил аралыгында зайымдар боюнча чыгымдарды тартышы мүмкүн. Мындай чыгымдарга бүтүрүлбөгөн объектилерди күтүү боюнча чыгымдар киргизилет жана алар капиталдаштырылбайт. Бирок, ишкана олуттуу техникалык жана административдик иш жүргүзүлүп жаткан мезгил аралыгында адатта, зайымдар боюнча чыгымдарды капиталдаштырууну токтотуп койбойт. Ишкана убактылуу кечендөө активди арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даярдоо процессинин зарыл бөлүгү болгондо да зайымдар боюнча чыгымдарды капиталдаштырууну токтото турбайт. Мисалы, суунун жогорку деңгээли көпүрөнүн курулушун кечендетип турган учурда, эгерде суунун мындай

© ФОЭС Фонду

жогорку деңгээли курулуш жүрүп жаткан бул географиялык аймакта бул мезгил үчүн демейки эле болуп саналса, капиталдаштыруу узак мезгил аралыгында улантылат.

### Капиталдаштырууну токтотуу

**22 Ишкана квалификациялануучу активди арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даярдоо үчүн зарыл дээрлик бардык иштер аяктаганда зайымдар боюнча чыгымдарды капиталдаштырууну токтотууга тийиш.**

23 Актив адатта, ар күндүк административдик иш дагы да улантылышы мүмкүн болгондугуна карабастан, аны физикалык куруу аяктаганда, арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даяр деп эсептелет. Эгерде объектини сатып алуучунун же пайдалануучунун талаптарына ылайык жасалгалоо сыяктуу олуттуу эмес жеткире жасоолор гана калса, бул иштердин дээрлик толук аяктагандыгы жөнүндө күбөлөп турат.

**24 Ишкана квалификациялануучу активди бөлүктөрү боюнча курууну аяктаса жана анын башка бөлүктөрүн куруу улантылып жаткан мезгилде ар бир бөлүгү пайдаланыла алса, ишкана активдин бул бөлүгүн арналышы боюнча пайдаланууга же сатууга даярдоо үчүн зарыл болгон бардык иштерди аяктаганда, зайымдар боюнча чыгымдарды капиталдаштырууну токтотууга тийиш.**

25 Алардын ар бири өзүнчө пайдаланылууга жарамдуу бир нече имараттардан турган бизнес-борбор, башка курамдык бөлүктөрүн куруу улантылып жаткан убакта, анда ар бир бөлүк пайдаланыла ала турган квалификациялануучу активдин мисалы боло алат. Анын кандайдыр-бир курамдык бөлүктөрү пайдаланышы мүмкүн болуудан мурда толук аяктоого тийиш болгон квалификациялануучу активдин мисалы болуп, бир территорияда жайгашкан ар кайсы цехтерде ыраатту ишке ашырылуучу өндүрүштүк процесстерди бириктирүүчү завод саналат, мисалы металлургиялык комбинат.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**26 Ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) мезгил ичинде капиталдаштырылган зайымдар боюнча чыгымдардын суммасын; жана**

**(b) зайымдар боюнча чыгымдарды капиталдаштыруу үчүн уруксат берилген сумманы аныктоо үчүн пайдаланылган капиталдаштыруу ставкасын.**

## Өткөөл жоболор

**27 Эгерде ушул стандартты колдонуу эсеп саясатынын өзгөрүүсүнө алып келсе, ишкана алар боюнча капиталдаштыруу күнү күчүнө кирүү күнүнө дал келген же ушул күндөн кийин орун алган квалификациялануучу активдерге тиешелүү зайымдар боюнча чыгымдарга стандартты колдонууга тийиш.**

**28 Бирок, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча күчүнө кирүү күнүнө чейинки каалаган күндү аныктап жана ушул стандартты зайымдар боюнча бардык квалификациялануучу активдерге колдонуп, алар боюнча капиталдаштыруунун башталуу күнү ошол күнгө же андан кийинки күнгө дал келет.**

28A 2017-жылдын декабрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2015 – 2017-жж. аралыгы»* документи менен 14-пунктка өзгөртүү киргизилген. Ишкана

көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү анда ишкана алгачкы жолу түзөтүүлөрдү колдонгон жылдык отчеттук мезгилдин башталыш күнүнө же бул күндөн кийин тартылган зайымдар боюнча чыгымдарга карата колдонууга тийиш.

## Күчүнө кирүү күнү

29 Ишкана ушул стандартты 2009-жылдын 1-январында же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты 2009-жылдын 1-январына чейинки кайсы болбосун күндөн тартып колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

29A 2008-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документи менен 6-пунктка түзөтүү киргизилген. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүнү 2009-жылдын 1-январында же ал күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

29B 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 менен 6-пунктка өзгөртүү киргизилген. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир убакта колдонууга тийиш.

29C 2016-жылы январда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 16 менен 6-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонуу менен бир убакта колдонууга тийиш.

29D 2017-жылдын декабрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2015 – 2017-жж. аралыгы»* документи менен 14-пунктка түзөтүү киргизилген жана 28A-пункту кошулган. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2019-жылдын 1-январында же бул күндөн кийин башталуучу жылдык отчеттук мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

## ФОЭС (IAS) 23түн (1993-жылы кайра каралган) колдонулушун токтотуу

30 Ушул стандарт 1993-жылы кайра каралган *«Зайымдар боюнча чыгымдар»* ФОЭС (IAS) 23тү алмаштырат.

© ФОЭС Фонду